5. Pedagogical encyclopedia: actual concepts of modern pedagogy. – Moscow: Vostok, 2003. -274 p.
6. Suleymanov, M.S. Content analysis of the concept of "social competence" // Young scientist. – 2012. – No. 9. – P. 314

УДК: 378 (575.2)+378(52)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-75-82

**Самаров Айбек**
И. Арабаев атындагы КМУ, аспирант
**Самаров Айбек**
КГУ им. И. Арабаева, аспирант
**Samarov Aibek**
KSU I. Arabaev, graduate student

# КЫРГЫЗ ОКУМУШТУУЛАРЫНЫН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН САЛЫШТЫРМА ИЗИЛДӨӨЛӨРҮ
# СРАВНИТЕЛЬНОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ СИСТЕМЫ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСКИМИ УЧЕНЫМИ
# COMPARATIVE STUDY OF THE HIGHER EDUCATION SYSTEM BY KYRGYZ SCIENTISTS

**Аннотация:** Макалада салыштырма изилдөөлөрдүн натыйжасында изилденип жаткан өлкөлөрдө жогорку билим берүүнүн деңгээли менен алардын экономикалык өсүшүнүн, ошондой эле эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн, жашоонун деңгээли жана сапаты менен коомдун башка социалдык институттарынын ортосундагы өз ара байланыштары жана алардын мыйзамченемдүүлүктөрү аныкталды, улутташтыруу процессине илимий жактан негизделген мүнөздөмө берилген.

**Аннотация:** В статье в результате сравнительных исследований выявлены взаимосвязи между уровнем высшего образования в исследуемых странах и их экономическим ростом, а также производительностью труда, уровнем и качеством жизни и другими социальными институтами общества и их закономерности, дана научно обоснованная характеристика процесса национализации.

**Abstract:** In the article, as a result of comparative studies, the interrelations between the level of higher education in the studied countries and their economic growth, as well as labor productivity, the level and quality of life and other social institutions of society and their patterns are revealed, a scientifically substantiated characteristic of the nationalization process is given.

**Негизги сөздөр:** өз ара байланыш, процесс, методологиялык мамилелер, салыштырма изилдөө, салыштырма талдоо, методология, жогорку билим берүү системасы,

**Ключевые слова:** взаимосвязь, процесс, методологические отношения, сравнительное исследование, сравнительный анализ, методология, система высшего образования,

**Keywords:** interrelation, process, methodological relations, comparative research, comparative analysis, methodology, higher education system,

Салыштырма изилдөөлөр актуалдуу коомдук жана билим берүүчүлүк көйгөй катары көпчүлүк эл аралык уюмдардын көңүл чордонунда турат: ЮНЕСКО, Европа Бирлиги, Европа Кеңеши, Экономикалык кызматташуу жана өнүгүү уюму. Бул көйгөйлөрдүн үстүндө көптөгөн илимий коомдор жана ассоциациялар иштеп жатышат. Салыштырма изилдөөлөрдүн натыйжасында изилденип жаткан өлкөлөрдө жогорку билим берүүнүн деңгээли менен алардын экономикалык өсүшүнүн, ошондой эле эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн, жашоонун деңгээли жана сапаты менен коомдун башка социалдык институттарынын ортосундагы өз ара байланыш аныкталды жана алардын мыйзамченемдүүлүктөрү аныкталды.

Кеңири мааниде методология таанып-билүү жолу жөнүндөгү окуу катары чечмеленет, биз методологиялык мамиле-ыкма таанып жаткан адамдын позициясын аныктайт, демек анын изилденүүчү процесстерге көз карашын мүнөздөйт жана изилденип жаткан объектке (предмет, кубулуш, процесс, феномен ж.б.) баа берүүнү аныктайт деген пикирди карманабыз.

Салыштырма педагогиканын методологиясы ар кайсы өлкөлөрдүн билим берүү системасын салыштырма изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жана ата мекендик билим берүү системасын өнүктүрүүнү оптималдаштыруу үчүн чет мамлекеттердин оң тажрыйбасын пайдаланууга мүмкүндүк берет. Белгилүү болгондой, ар бир өлкө өзүнүн билим берүү системасын бүгүнкү күндө башка мамлекеттердеги окшош системаларга салыштырганда кандай баалоого болорун түшүнүшү керек.

1964-жылы Токиодо өткөн Конгрессте салыштырма билим берүү эмпирикалык фактыларга негизделгендиги жана коомдогу баалуулуктардын иерархиясынын эске алынуусу керектиги айтылган. Ал табигый илимдерде болуп тургандай жалпы мыйзамдарды аныктоо максатына жана методологиялык мүмкүнчүлүктөрүнө ээ эмес, ошондой эле философия сыяктуу билим берүүнүн принциптерин иштеп чыкпайт. Салыштырма метод табигый илимдердин каражаттарын өздөштүрүү дегенди билдирбейт, бирок ал анализденип жаткан көп түрдүүлүктөн окшоштуктарды жана жалпы маңызды бөлүп алууга умтулат. Салыштырма билим берүү педагогикалык реалдуулук менен алектенүү аркылуу билим берүүчүлүк-тарбиялык кубулуштарга байкоо салат, ал ишке ашырылууга тийиш болгон жана болушу шарт делген педагогикалык идеалдарды табуу милдетин койбойт. Бул ченемдик дисциплина эмес, ал идеологиялык жана материалдык мүнөздөгү күчтөрдү билим берүүдөгү саясатты иш жүзүндө аныктаган илимий изилдөө болуп саналат.

Бүгүн XXI кылымда дүйнөнү ааламдашуу башкарып келет. Демек, улуттук билим берүү системасынын же анын компоненттеринин бул процесске туура келишине жана тез өзгөрүп жаткан, билим берүү мейкиндигинин кулач жайып жаткан жетишкендиктерин өздөштүрүүгө жардам бере турган салыштырма педагогикалык маалыматтарга болгон муктаждык бар. Р.М. Томас педагогикалык салыштырма изилдөөлөрдүн максаты сыпаттоо эмес, билимди түшүндүрүү, божомолдоо жана баалоо экендигин баса белгилеген.

Педагогикалык компаративистиканын методологиясы боюнча азыркы компаративист окумуштуу Шеен-Кен Яндын көз карашы көңүл бурууга арзыйт. Ал, бүгүнкү күндө педагогикалык компаративистика кечээгидей эле, Тзи-Тза менен Конфуций тарабынан байыркы мезгилде эле аныкталган платформалардын ортосунда тең салмактуулукту гана сактайт деп белгилеген. Бул өткөндүн эки улуу инсаны тарабынан айтылган салыштыруудагы эки карама-каршы көз караш. Биринчиси, салыштыруунун негизги

милдети айырмачылыктарды аныктоо экендигин белгилесе, экинчиси, социалдык жана маданий өнүгүүнүн келечегин божомолдоого мүмкүндүк берген айрым универсалдуу мыйзамдарды салыштыруудан чыгарууга болот деген пикирди карманат.

Көп убакытка чейин педагогикалык компаративистикада батыш окумуштуулары тарабынан иштелип чыккан методология үстөмдүк кылып келген. Акыркы мезгилдерде педагогикалык компаративистиканын азиялык модели сунушталган макалалар пайда боло баштады. Шеен-Кен Ян компаративистиканын бул модели Батыштын сергек рационалдуу логикасына эмес, Чыгыштын дүйнөнү сезимтал кабылдоосуна негизделген деп белгилейт. Бул Азиядагы билимдердин вариативдүү өзөгү болгон конфуцийчилик Янь (адамкерчилик, гуманизм), адамдарга болгон жакшы көрүү (симпатия) сезими [2].

Педагогикалык компаративистика үч кылымдан бери өнүгүп келе жатат, бирок, педагогикалык компаративистиканын белгилүү заманбап методисттери Х. Ноа жана М. Экштейн туура белгилешкендей, бул жаатта изилдөөчүнүн көкүрөгүндөгү түйшүктүү суроолор дагы эле эмне үчүн компаративист-педагогдордун ишинин натыйжаларына көңүл бурулбайт жана эмне үчүн тарых, социология, дин, адабият, экономика, саясат таануу сыяктуу салыштырма изилдөөлөрдүн таанылган багыттарынын тизмесинде педагогикалык компаративистика дээрлик көрсөтүлгөн эмес? Бул суроолордун жоопторун, алар педагогикалык компаративистиканын толук иштелип чыга элек методологиялык базасынан табууга болот дешет.

*Салыштырма педагогикада Япониянын мурда белгилүү окумуштуулары С. Судзуки, С. Кавanобе менен катар Й. Гондо, Ю. Савано, Т. Эндо, Х. Одзима сыяктуу жаңы лидерлер жана ысымдар пайда болгон. Маселен, Мацуура Ёсимицу университеттердин салыштырма тарыхы, университет таануу жана жогорку билим берүү идеяларынын тарыхы боюнча адис. «Талаш пикирлер жана заманбап билим берүү боюнча жана көз караштар» (Гэндай кёику-но сотэн ронтэн, редактор жана автор, «Итигэйся» басмасы, 2015), «Диалог фонунда университеттердин образы» (Тайва-но муко-но дайгакудзо, авторлош, «Иванами сётэн» басмаканасы, 2014) жана башка китептердин автору.*

Учурдагы этапта Кыргызстанда салыштырма педагогика боюнча изилдөөлөр өлкөдөгү тарыхый кайра өзгөрүүлөргө байланыштуу акырындык менен өнүгүүдө. Кыргызстандын билим берүү системасындагы кайра куруулар жана анын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо маселелери республиканын жогорку билим берүү тармагындагы эл аралык кызматташтыгынын негизги багыттарын жана көрсөтмөлөрүн изилдөө аркылуу педагогика жана тарых боюнча илимий изилдөөлөрүнүн предмети болуп калды.

Мисалы, А.М. Мамытов (Дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнүн жогорку билим берүү системаларынын өзгөчөлүктөрү, 1998-ж.); М.Р. Рахимова (педагогикалык теориялардын жана чет мамлекеттердин ар кандай типтеги окуу жайларынын практикасын салыштырып талдоо, 1998-ж.); Ш. Джусенбаев (XX кылымдын экинчи жарымында Түндүк Америка, Батыш, Борбордук жана Чыгыш Европа өлкөлөрүндөгү, мурдагы СССРдеги, КМШ өлкөлөрүндөгү, ошондой эле Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азиянын жаңы индустриалдык өнүккөн өлкөлөрүндөгү жогорку билим берүүнүн өнүгүүсүн талдоо, 1999-ж.); Н.Б. Бийарсланов (жогорку билим берүүнүн сапаты жана европалык тенденциялардын интернационалдашуусу жана Кыргызстандагы университеттердин өнүгүү стратегиясы, 2000-ж.); И.В. Халанский (билим берүү жаатындагы эл аралык мамилелердин тарыхы, 2000-ж.);

Н.У. Курбанова (Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграция, 2001-ж.); К.А. Шаршекеева (биринчи жолу эл аралык билим берүү программаларын эске алуу менен жогорку билим берүүнү өнүктүрүү боюнча америкалык жана ата мекендик тажрыйбанын келечектүү тенденцияларын синтездеген жаңы типтеги ЖОЖду түзүү модели иштелип чыкты жана ишке киргизилди, 2001-ж.).

Ата мекендик изилдөөчү Кадиан Boобекова Түркиядагы жана Кыргызстандагы баштапкы билим берүү системасына салыштырма анализ жүргүзгөн (Стамбул, 2001-ж.).

КМШнын бирдиктүү (жалпы) билим берүү мейкиндигин түзүү концепциясын ишке ашыруунун Мамлекеттер аралык программасы кабыл алынгандан жана КМШга мүчө-мамлекеттердин билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташуу кеңешинин «Стандарт» комиссиясы түзүлгөндөн кийин 2001-жылы Москвада КМШ мүчө-мамлекеттеринин жогорку билим берүүсү системаларын жана билим берүү стандарттарын салыштырма изилдөө боюнча эл аралык изилдөө тобу активдүү иштей баштаган.

Профессор В.И. Байденконун жетекчилиги астындагы эл аралык изилдөөчүлүк топ тарабынан КМШ өлкөлөрүнүн жогорку билим берүү стандарттарын салыштырма талдоого арналган бир катар долбоорлор аткарылган. 2001-2002-жж. аралыгында изилдөөлөргө КМШнын үч өлкөсүнүн: Беларусь Республикасы, Россия Федерациясы жана Украинанын өкүлдөрү катышкан. 2003-2004-жж. бул ишке ырааттуулук менен Казакстан Республикасы жана Кыргыз Республикасы кошулган (К.Д. Добаев, К.Ж. Жакшылыкова, Ш.Ф. Ниязов, Ф.И. Рыскулуева, Э.Р. Сакимбаев ж.б.) [5].

И.С. Болджурованын «Өткөөл мезгилде Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын өнүгүү тарыхы (1990-2005-жж.)» («История развития системы образования Кыргызской Республики в переходный период» (1990-2005гг.)» докторлук диссертациясында (2006-ж.) 1990-2005-жж. аралыгындагы билим берүү реформаларынын, демократиялык өзгөрүүлөрдүн жана полимаданий, көп тилдүү билим берүүнүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрү каралган. Жалпыга билим берүүнүн дүйнөлүк кыймылынын концептуалдык идеялары жана аларды Кыргызстанда ишке ашыруу практикасы ачылган, бардыгы үчүн билим берүүнүн максаттарын ишке ашырууда Кыргызстандын Борбордук Азия чөлкөмүндөгү өлкөлөр менен өз ара аракеттенүүсүнүн мүнөзү сүрөттөлгөн [4].

В. Галимова АКШ менен Кыргызстандын билим берүү жаатындагы тажрыйбасын КОСУнун мисалында, Кыргызстандагы жарандык билим берүү системасын жаңылоо максатында мектептердеги, университеттердеги жана башка мекемелердеги окшош көйгөйлөрдүн жана перспективалардын абалын изилдөө жана талдоо максатында карап чыккан (2006-ж.).

Т.В. Панкованын докторлук диссертациясы салыштырма этнопедагогиканын илимий-педагогикалык негиздерине арналган (2006-ж.) [9].

Т.Ф. Черноустун кандидаттык диссертациясында Кыргыз Республикасындагы 1991-2005-жж. эл аралык интеграциялык процесстердин контекстинде жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо каралган (2007-ж.) [10].

2007-жылы Erasmus Mundus фонду тарабынан билим берүү системасы тууралуу изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөөнүн башкы максаты Европалык университеттер менен Борбордук Азиядагы өнөктөш университеттердин ортосундагы дипломдон кийинки билим берүү программаларындагы виртуалдуу мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрүн идентификациялоо болуп саналат. Бул үчүн Борбордук Азиядагы жогорку билим берүү мекемелеринде

магистратура жана аспирантуранын сунуштарын жана алардын ичинен дистанттык окутуунун методологиясын аныктоо зарыл болгон.

«Борбордук Азиядагы жогорку билим берүү. Модернизациянын милдеттери» (2007-ж.) аттуу салыштырма-тематикалык изилдөө Дүйнөлүк банктын колдоосу менен Реконструкция жана өнүктүрүү Эл аралык банкынын кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн. Аналитикалык баяндама көйгөйдүн концепциясын жана негизги корутундуларын камтыган кириш сөздөн, ошондой эле Казакстан, Тажикстан, Кыргызстан жана Өзбекстан үчүн бул жалпы жыйынтыктарды кеңири талдоо жана документалдык негиздөөнү камтыган төрт кыскача тематикалык изилдөөдөн турат.

Ш.Ч. Султанбеков (2015-ж.) АКШнын, Европанын жана постсоветтик мейкиндик өлкөлөрүнүн (КМШ жана Балтия) жогорку билим берүүсүнүн сапатына кепилдик берүү тажрыйбасын талдаган жана аккредитациялоонун жол-жобосун Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө формаларынын бири катары караган.

А.М. Мамытовдун (1998-ж.) Германия, Чехия жана Латвиядагы педагогикалык кадрларды даярдоо системасы жөнүндөгү [7], А.К. Наркозиевдин (2011-ж.) АКШ, Европа өлкөлөрү, Россия жана Кыргызстандын жогорку билим берүү системаларын өнүктүрүүнүн тенденциясы, чет элдик ЖОЖдордогу билим берүү сапатын баалоо жана Кыргызстандын ЖОЖдорунда кредиттик технологияларды кийирүү үчүн зарыл шарттар тууралуу изилдөөлөрү [8] жана башкалар салыштырма педагогиканы өнүктүрүүгө маанилүү салым кошушту.

А.Б. Абдрашевдин «Казакстан Республикасы менен Кыргыз Республикасынын билим берүү саясатынын салыштырма анализи (2010-ж.)» аттуу кандидаттык диссертациясында эки мамлекеттин билим берүү саясатынын илимий жактан негизделген стратегиясын иштеп чыгууда салыштырма, тарыхый талдоо ыкмасы колдонулган. Казакстан менен Кыргызстандын мамлекеттик билим берүү саясатынын теориялык-методологиялык жана концептуалдык негиздери саясат таануучулук көз караштан жүргүзүлгөн анализге туш болду. Жогорку билим берүү тармагындагы саясатты калыптандырууда мамлекеттин басымдуулук кылуучу ролу аныкталды, билим берүү системасына мамлекеттик бийликтин таасиринин деңгээли аныкталды. 2013-жылы ал «Борбордук Азия өлкөлөрүнүн билим берүү саясаты: салыштырма талдоо» аттуу докторлук диссертациясын коргогон [1]. Бул глобалдаштыруу шартындагы Кыргыз Республикасынын жана Борбор Азиялык аймактагы бир катар мамлекеттердин билим берүү жаатындагы саясатын калыптандыруунун, модернизациялоонун жана унификациялоонун принциптерин комплексттүү изилдөө. Изилдөөчү глобалдаштыруунун Кыргыз Республикасынын билим берүү саясатындагы, татаал өз ара аракеттерде байкалган, өзгөрүү процесстерине тийгизген таасирин талдайт. Автор белгилегендей, билим берүү чөйрөсүн интеграциялоо, модернизациялоо, демократиялаштыруу, борбордук башкаруудан алыстатуу жана коммерциялаштыруу акыркы реформалар мезгилинин мүнөздүү белгилери болуп калууда.

Илимий-изилдөөчүлүк иштердин алкагында Кыргыз Билим берүү академиясынын педагогика жана кесиптик билим берүү лабораториясы тарабынан салыштырма талдоого негизделген изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Мисалы, педагогикалык багыттар боюнча компетенттүүлүк мамиле боюнча ЖОЖдун мамлекеттик билим берүү стандартын түзүү боюнча «магистр деңгээли» илимий иштердин алкагында (2012-ж.) К.Д. Добаев, Э.А. Супатаева Россиядагы жана Борбордук Азиядагы билим берүүнүн «магистрдик» деңгээлинде

жогорку билим берүүнүн мазмунунун өнүгүүсүнүн жана учурдагы абалынын чет элдик тажрыйбасын талдаган.

Э.Р. Сакимбаев жана Б.Б. Алымбаева «Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларында кредиттик бирдиктерди (кредиттерди) топтоо жана бөлүштүрүү механизми» илимий темасында (2012-ж.) учурдагы дүйнөлүк билим берүү системаларына кредиттик билим берүү технологияларына негизделген (АКШнын кредиттик бирдиктер системасы, Европалык кредит системасы, Улуу Британиядагы кредиттик система, Азия жана Тынч океан региондорунда кредиттик система, Россия Федерациясынын жана КМШнын ЖОЖдорундагы кредиттик билим берүү системасы) анализ жүргүзгөн, бул эмне үчүн Европалык кредит системасы (Болон процесси) жагымдуу экендигин жана эмне үчүн Кыргызстан европалык процесске кошулуу максатында билим берүү тармагындагы саясатты жүргүзүшү зарылдыгынын бир нече негизги себептерди бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берди.

“Педагогикалык багыттагы жогорку кесиптик билим берүү системасына окутуунун кредиттик технологиясын киргизүүнүн илимий-теориялык негиздери, “бакалавр” деңгээли (2013-ж.) темасы боюнча Э.Р. Сакимбаев жана Б.Б. Алымбаева кредиттерди (кредиттик бирдиктерди) киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максатында кредиттик системаларды колдонуунун чет өлкөлүк тажрыйбасын, алардын оң жана терс жактарын изилдешкен; кредиттерди (кредиттик бирдиктерди) которуунун жана топтоонун европалык системасына талдоо жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча Борбордук Азия өлкөлөрүндө Болон процессинин милдеттеринин бири катары академиялык мобилдүүлүк, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларында кредиттик билим берүү технологиясы ж.б. тууралуу макалалар жарыяланган.

«Педагогикалык багыттагы жогорку кесиптик билим берүү системасына окутуунун кредиттик технологиясын киргизүүнүн илимий-теориялык негиздери, «магистр» деңгээли» илимий теманын алкагында (2013-2014-жж.) К.Д. Добаев жана Э.А. Супатаева чет өлкөлөрдө жана Кыргызстанда магистратуранын педагогикалык багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүү системасына кредиттик билим берүү технологиясын киргизүү тажрыйбасын изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча аналитикалык баяндама жасашкан.

2014-жылы Г.М. Аманова «Кыргызстанда Квалификациялардын улуттук алкагын иштеп чыгуунун жана кийирүүнүн илимий негиздери» аттуу темада квалификациялардын Европалык жана Россия Федерациясынын, Казакстандын квалификацияларынын улуттук алкактарынын мазмунуна талдоо жүргүзгөн.

«Кыргызстанда PhD докторун даярдоонун илимий-теориялык негиздери» деген илимий темада (2014-2015-жж.) Э.Р. Сакимбаев Европа өлкөлөрүндө жана АКШда жогорку квалификациялуу илимий кадрларды даярдоо маселелерин караган, ошондой эле Европа өлкөлөрүндө, АКШ, Россия Федерациясы жана Борбордук Азия өлкөлөрүндө (Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан) PhD докторун даярдоону өнүктүрүүнүн улуттук өзгөчөлүктөрүн жана интеграциялык тенденцияларын талдады.

*Окумуштуулар Н.А. Асипова [3], Г.Т. Карабалаеванын [6] эмгектеринде жогорку квалификациядагы илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо изилденген, мамиле-ыкмаларды талданган, тарыхый-маданий каада-салттарды, социалдык-педагогикалык контекстти эске алуу менен Россиянын, Казакстандын жана Кыргызстандын ЖОЖдорунда ар түрдүү илимий багыттар боюнча PhD докторлорун даярдоонун учурдагы*

*абалы, ошондой эле чет өлкөдө постбазалык академиялык билим берүүнүн конвертивдүүлүгүн камсыз кылуунун перспективалары тууралуу талдоолор сунушталган.*

Азыркы этапта Кыргызстанда салыштырма педагогика боюнча изилдөөлөр өлкөдөгү тарыхый кайра өзгөрүүлөргө байланыштуу акырындык менен өсүүдө. Кыргызстандын билим берүү системасындагы кайра куруулар жана анын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо маселелери республиканын жогорку билим берүү тармагындагы эл аралык кызматташуусунун негизги багыттарын жана көрсөтмөлөрүн изилдөө аркылуу педагогика жана тарых боюнча илимий изилдөөлөрүнүн предмети болуп калды.

## Колдонулган адабияттар:

1. Абдрашев, А.Б. Эволюция и унификация системы образования в государствах Центральной Азии [Текст]: монография / А.Б. Абдрашев. – Бишкек, 2013. – 291 с.
2. Ажыбекова К.А. Проблема выбора методологии реформ в образовании // Материалы семинара ректоров вузов Кыргызстана, 26 мая 1995 г. - Бишкек: МУК, 1995.
3. Асипова, Н.А. Проблемы синхронизации подготовки докторов PhD по направлению «Педагогика» в Кыргызской Республике [Текст] / Н.А. Асипова // Известия вузов Кыргызстана. – 2021. – № 1. – С. 229-233.
4. Болджурова, И.С. История развития системы образования Кыргызской Республики в переходный период: 1990-2005-гг. [Текст]: дис. ... д-ра пед. наук / И.С. Болджурова. – М., 2006. – 256 с.
5. Добаев, К.Д. Система высшего образования и образовательные стандарты в Кыргызской Республике [Текст]: аналитический доклад / К.Д. Добаев, К.Ж. Жакшылыкова, Ш.Ф. Ниязов, Ф.И. Рыскулуева, Э.Р. Сакимбаев. – М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2009. – 128 с.
6. Карабалаева, Г.Т. Проблемы и перспективы подготовки PHD докторов в Кыргызской республике [Текст] / Г.Т. Карабалаева, Н.А. Асипова // Современные проблемы науки и образования. – 2020. – № 2. URL: http://www.science-education.ru/ru/article/view? id=29666
7. Мамытов, А. Особенности системы высшего образования развитых стран мира [Текст] / А. Мамытов // Наука и новые технологии. – 1998. – № 2.
8. Наркозиев, А.К. Теоретические основы компетентностного подхода при проектировании образовательных программ по кредитной технологии [Текст]: дис. … д-ра пед. наук / А.К. Наркозиев. – Бишкек, 2011. – 322 с.
9. Панкова, Т.В. Научно-педагогические основы сравнительной этнопедагогики [Текст]: монография / Т.В. Панкова. – Бишкек, 2004. – 236 с.
10. Черноус, Т.Ф. Современная международная интеграция и подготовка кадров высшей квалификации в Кыргызстане [Текст]: автореф. дис. … канд. ист. наук / Т.Ф. Черноус. – Бишкек, 2007. – 25 с.

## References:

1. Abdrashev, A.B. Evolution and unification of the education system in the Central Asian states [Text]: monograph / A.B. Abdrashev. – Bishkek, 2013. – 291 p.
2. Azhybekova K.A. The problem of choosing the methodology of reforms in education // Materials of the seminar of rectors of universities of Kyrgyzstan, May 26, 1995 - Bishkek: MUK, 1995.

3. Asipova, N.A. Problems of synchronizing the training of PhD doctors in the direction of "Pedagogy" in the Kyrgyz Republic [Text] / N.A. Asipova // News of universities of Kyrgyzstan. – 2021. – No. 1. – pp. 229-233.
4. Boldzhurova, I.S. The history of the development of the education system of the Kyrgyz Republic in the transition period: 1990-2005. [Text]: dis. ... doctor of Pedagogical Sciences / I.S. Boldzhurova. – M., 2006. – 256 p
. 5. Dobaev, K.D. The system of higher education and educational standards in the Kyrgyz Republic [Text]: analytical report / K.D. Dobaev, K.Zh. Zhakshylykova, Sh.F. Niyazov, F.I. Ryskulueva, E.R. Sakimbayev. – M.: Research Center for Quality problems of training specialists, 2009. – 128 p.
6. Karabalaeva, G.T. Problems and prospects of PHD doctors training in the Kyrgyz Republic [Text] / G.T. Karabalaeva, N.A. Asipova // Modern problems of science and education. – 2020. – № 2. URL: http://www.science-education.ru/ru/article/view? id=29666
7. Mamytov, A. Features of the system of higher education in developed countries of the world [Text] / A. Mamytov // Science and new technologies. – 1998. – № 2.
8. Narcosiev, A.K. Theoretical foundations of the competence approach in the design of educational programs on credit technology [Text]: dis. ... Doctor of Pedagogical Sciences / A.K. Narcosiev. – Bishkek, 2011. – 322 p.
9. Pankova, T.V. Scientific and pedagogical foundations of comparative ethnopedagogy [Text]: monograph / T.V. Pankova. – Bishkek, 2004. – 236 p.
10. Chernous, T.F. Modern international integration and training of highly qualified personnel in Kyrgyzstan [Text]: abstract. dis. ... Candidate of Historical Sciences / T.F. Chernous. – Bishkek, 2007. – 25 p.

УДК: 378 (575.2)+378(52)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-82-88

**Самаров Айбек**
И. Арабаев атындагы КМУ, аспирант
**Самаров Айбек**
КГУ им. И. Арабаева, аспирант
**Samarov Aibek**
KSU I. Arabaev, graduate student

# КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ЯПОНИЯНЫН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН САЛЫШТЫРМА ТАЛДООНУН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАМИЛЕЛЕРИ
# МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ ПОДХОДЫ СРАВНИТЕЛЬНОГО АНАЛИЗА СИСТЕМЫ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСТАНА И ЯПОНИИ
# METHODOLOGICAL APPROACHES TO COMPARATIVE ANALYSIS OF THE SYSTEM OF HIGHER EDUCATION IN KYRGYZSTAN AND JAPAN

**Аннотация:** Макалада Кыргызстан менен Япониянын жогорку билим берүү ситсемасын салыштырма талдоонун негизиндеги бир катар илимий-методологиялык мамиле-ыкмалардын маңызы каралган. Азыркы учурда Кыргызстанда салыштырма педагогика